КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (сегизинчи чакырылышы) кезексиз VII сессиясы**

**Токтом №01-5/ 39**

Сүлүктү шаары 27.08. 2025-жыл

**Сүлүктү шаардык кеңешинин Регламентине өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Сүлүктү шаардык кеңешинин "Мекендеш" саясий фракциясынын лидери Д.Б. Токтобаевдин Сүлүктү шаардык кеңешинин Регламентине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө каты боюнча шаардык кеңештин "Мыйзамдуулук депутаттык этика, регламент, жергиликтүү сыйлыктар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын "Ченемдик укуктук актылары" жана "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамына ылайык Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык кеңешинин 27.01.2025ж. III сессиясынын №01-5/7 токтому менен бекитилген Сүлүктү шаардык кеңешинин Регламентине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин

1. 12- бөлүмү "Депутаттык фракциялар жана коалициялар" деп толукталсын;

2. 12-бөлүмгө төмөнкү пункттар кошумча киргизилсин

- 12.9. Фракциялар коалицияларга бириге алышат;
- 12.10. Коалициялар шаардык кенештин аппаратына тиешелүү протоколун тапшырган күндөн ишмердүүлүгүн баштай алышат;
- 12.11. Коалициялар шаардык кенеште каралуучу маселелер боюнча алдын ала отурум өткөрүүгө, кезексиз сессия чакыруу демилгеси менен чыгууга коалиция лидери аркылуу позициясын билдирүүгө укуктуу.

2. Шаардык кеңештин Регламентин кабыл алынган өзгөртүүлөргө ылайык келтирүү жагы шаардык кеңештин аппаратына жүктөлсүн

4. Токтомдун аткарылуусун көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин кеңештин "Мыйзамдуулук депутаттык этика, регламент, жергиликтүү сыйлыктар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага: Б.А.Абдуназаров